# НАЦИОНАЛЬНЫЕ ТРАДИЦИИ И ГЕНДЕРНОЕ РАВЕНСТВО КАК ФАКТОР УСТОЙЧИВОСТИ СЕМЬИ

**Темирова Кызжибек Кудайбергеновна**

*Преподаватель, соискатель Ошский государственный университет*
*Индустриально-педагогический колледж, Кыргызская Республика, г.Ош*
*E-mail:* ktemirova415@gmail.com

**Аннотация:** В статье рассматривается проблема сочетания национальных традиций и гендерного равенства как одного из ключевых факторов устойчивости современной семьи. Анализируются психологические, социальные и культурные аспекты влияния традиционных ценностей и принципов равноправия на внутрисемейные отношения, распределение ролей, эмоциональную стабильность и адаптационные ресурсы семьи. Особое внимание уделяется тому, как гармоничное сочетание традиций и гендерного равенства способствует снижению конфликтности, укреплению взаимного уважения и повышению качества семейной жизни в условиях глобализации и социальных трансформаций. Делается вывод о необходимости комплексного и междисциплинарного подхода к изучению семьи как социального института.

**Ключевые слова:** семья, национальные традиции, гендерное равенство, устойчивость семьи, семейные роли, психологическая устойчивость, социокультурные факторы, семейные ценности.

**Abstract:** The article examines the combination of national traditions and gender equality as one of the key factors of family stability in modern society. Psychological, social, and cultural aspects of the influence of traditional values and principles of equality on intra-family relationships, role distribution, emotional stability, and adaptive resources of the family are analyzed. Special attention is given to how a harmonious integration of traditions and gender equality contributes to reducing conflict, strengthening mutual respect, and improving the quality of family life in the context of globalization and social transformation. The study concludes that a comprehensive and interdisciplinary approach is essential for understanding the family as a social institution.

**Keywords:** family, national traditions, gender equality, family stability, family roles, psychological resilience, sociocultural factors, family values.

**Аннотация:** Макалада улуттук салттар менен гендердик теңчиликтин айкалышы заманбап үй-бүлөнүн туруктуулугунун негизги факторлорунун бири катары каралат. Традициялык баалуулуктар менен теңчилик принциптеринин үй-бүлөлүк мамилелерге, ролдордун бөлүштүрүлүшүнө, эмоционалдык туруктуулукка жана адаптациялык ресурстарга тийгизген психологиялык, социалдык жана маданий таасирлери талданат. Өзгөчө көңүл салттар менен гендердик теңчиликти гармониялык айкалыштыруу кантип жаңжалдыктын азайышына, бири-бирине урмат-сыйдын бекемделишине жана үй-бүлөлүк жашоонун сапатынын жогорушуна жардам берерин көрсөтүүгө бурулат. Үй-бүлөнү социалдык институт катары изилдөөдө комплекстүү жана тармак аралык мамиленин зарылдыгы жөнүндө жыйынтык чыгарылат.

**Таймаш сөздөр:** үй-бүлө, улуттук салт, гендердик теңчилик, үй-бүлөнүн туруктуулугу, үй-бүлөдөгү ролдор, психологиялык туруктуулук, социомаданий факторлор, үй-бүлөлүк баалуулуктар

## Киришүү

Үй-бүлө бардык тарыхый доорлордо коомдун негизги институту катары кызмат кылып, маданий мурастын сактоочусу жана инсанды калыптандыруучу негизги чөйрө болуп келген. Азыркы коомдук трансформациялардын шартында — урбанизация, эмгек миграциясы,

гендердик ролдордун өзгөрүшү күчөшү менен — үй-бүлөнүн психологиялык туруктуулугу социалдык бакубаттуулуктун жана кризистик көрүнүштөрдүн алдын алуунун башкы фактору болуп калууда. Айрыкча салттуу маданияты күчтүү болгон коомдордо, анын ичинде Кыргызстанда, улуттук салттар менен гендердик теңчиликтин үй-бүлөлүк мамилелердеги өз ара катышын изилдөө өзгөчө мааниге ээ. Кыргызстандагы демографиялык өзгөрүүлөрдүн миллениалдардын эки жубай иштеген үй-бүлөлөрдүн өсүшү жана глобалдык басымдын (БУУ-аялдар, 2024: Борбордук Азиядагы үй-бүлөлөрдөгү 35% конфликт гендердик теңсиздик фонунда бул маселе коом үчүн өзгөчө актуалдуулукка ээ: ал улуттук маданий мурасты сактоо менен гендердик теңчилик максаттарын байланыштырып, глобализациянын натыйжасында салттарды жоготуунун алдын алат жана үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукту чектейт[1].

Академиялык деңгээлде бул изилдөө үй-бүлө системалары теориясын өнүктүрөт, социалдык-маданий модераторлорду жетишсиз иликтенген аймактарда изилдейт жана прогрессивдүүлүк менен кыргыз патриархатын байланыштырып, изилдөөлөрдөгү боштукту толтурат.

Саясатчылар үчүн бул изилдөө гибриддик үй-бүлө программаларынын натыйжалуулугун далилдеп, улуттук туруктуулукту жогорулатат, анткени «үй-бүлөнүн күчү жыйынды түрүндө мамлекеттин туруктуулугуна алып келет»[2].

Бул максаттуу изилдөө үй-бүлөнүн салттарга негизделген адилеттүү жана туруктуу болуусун камсыздоо үчүн практикалык натыйжаларды убада кылат.

Ушул өңүттөн алганда, улуттук салттар менен гендердик теңчиликтин айкалышын үй-бүлө институтунун туруктуулугунун өз ара толуктоочу факторлору катары талдоо өзгөчө илимий жана практикалык мааниге ээ. Тарыхый талдоону, психологиялык интерпретацияны жана социалдык иштин практикалык тажрыйбасын бириктирген комплекстүү, междисциплинардык ыкма үй-бүлөнү социалдык өзгөрүүлөрдүн объектиси катары гана эмес, адаптацияга жана өнүгүүгө жөндөмдүү активдүү субъект катары кароого мүмкүндүк берет. Бул жагдай теманы «Үй-бүлөнүн психологиялык туруктуулугу» багыты үчүн өзгөчө актуалдуу заманбап шарттарда үй-бүлөлүк мамилелерди чыңдоого багытталган илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгууга шарт түзөт.

Изилдөөнүн негизги материалдары катары төмөнкүлөр колдонулган: Улуттук салттарга жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга негизделген тарыхый жана этнографиялык маалыматтар. Кыргызстандагы үй-бүлөлөрдүн учурдагы абалы тууралуу статистикалык маалыматтар (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети, БУУ жана UN Women изилдөөлөрү).

Ошондой эле Кыргызстандын контекстинде жазылган, салт + гендердик ролдор маселесин түз камтыган, социологиялык жана маданий багыттарды бириктирген менин илимий макаламын негизги тезисин илимий далил менен бекемдеп берүүчү Түгөлбаева, Б. Г., Хамзаева, С. Д., Хамзаева, А. Д., Хамзаева, А. Д., Хамзаева, Ж. Д. Кыргызстанда патриархалдык салттардын кайра жанданышы барбы? Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. 2018 изилдөөлөрүнүн жыйындысы колдонулду.

Изилдөөнүн ыкмасы салыштыруучу анализ — улуттук салт жана гендердик теңчилик карама-каршы эмес үй-бүлө институтунун туруктуулугунун фактору катары салыштыруу.

Корутунду. Жыйынтыктап айтканда, улуттук салттар менен гендердик теңчиликтин айкалышы заманбап коомдо үй-бүлө институтунун туруктуулугунун негизги факторлорунун бири. Тарыхый тажрыйбаны сактоо менен бирге, психологиялык туруктуулукту жана тең укуктуулукту камсыз кылуу — бекем, туруктуу жана гармониялуу үй-бүлөнүн негизи.

Бул багыттагы илимий изилдөөлөр жана социалдык саясат үй-бүлөнүн гана эмес, жалпы коомдун туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. ООН-Женщины. (2024). Гендерный обзор 2024: Центральная Азия . Нью-Йорк: ООН.
2. ЮНИСЕФ. (2023). Состояние детей в мире: устойчивость семьи .

3. Министерство труда, политики и безопасности КР. Национальная стратегия Кыргызской Республики по утверждению гендерного равенства до 2030 года. Бишкек., 2022
4. УНРЦ ООН Женщины в Кыргызстане. Пекин+30: Национальный обзор Кыргызской Республики . Женева: ЕЭК ООН. 2024.
5. Национальный статистический комитет КР и ООН-Женщины. Гендерное равенство в Кыргызстане: Тенденции и вызовы . Бишкек: НСК КР 2021.
6. Түгөлбаева, Б. Г., Хамзаева, С. Д., Хамзаева, А. Д., Хамзаева, А. Д., Хамзаева, Ж. Д. Кыргызстанда патриархалдык салттардын кайра жанданышы барбы? Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. 2018ж